**Өмүрлөш**

**Сөзү**:Тынчтыкбек Нурманбетовдуку

**Обону** Атайбек Бөдөшовдуку

Аткаруучу:Аида Кулуева

Төгүлгүм келди,төгүлгүм,

Теңине сендей көңүлдүн.

Таалайым чексиз экен,ээ,

Таттырган балын өмүрдүн

Кыйышпас болдук,кыйышпас,

Кылыгың асти унутпас.

Кайыптын кызы белемсиң,

Көздөрүң кара,олоң чач.

Сыйкырың барбы арбаган?

Жан элем оңой жанбаган.

Сымаптай эрип кеткенге,

Себебин билбей таң калам.

Бооруңа кызсаң баладай,

Өңүм эмес,аяндай.

Бак кондурдуң башыма,

Суйкайган сулуу маралдай.

Жан элем сыры төгүлбөс,

Күтпөгөн такыр көңүлдөш.

Көңүлдү алдың ийитип,

Өмүрлөш болуп,өмүрлөш.